**«Хоп хоп»**

Сөзү: Кыдыралиева Зарина Кадырбековна

Обону: Азимов Адилет Азимович

Кичинемде апакем

быламыкты көп берген

Балам томпок болсо деп

кудайдан көп тиленген

Эми кантип арыктайм?

Томпок болсом башынан

Андан көрө апаке

куйчу мага лагмандан

Хоп хоп деп эле

арыктаймын тез эле

Хоп хоп деп эле

Бийлеп берем силерге

Хоп хоп деп эле

Арыктаймын тез эле

Хоп хоп девеле

Бийлели биз чогу эле

Арыкта деп жазышат

Инстаграмда көп мага

Арыкта деп жазышат

Тикток жана вотсапка

А мен неге арыктайм

Томпойгонум жарашса

Эгер аным жакпаса

Кылып салгын отписка

Мунун баары тамаша

Ырга салдым жараша

Арык, томпок адамда

Болбос эч бир айрыма

Эң негизги максатта

Адам болуп жашашта

Андан коро кайгырба

Бийле бизге жанаша